# МЕКЕНИМ

**Сөзү: Мөөркан Мамыркулованыкы**

**Обону: Жеңгиз Мырзакуловдуку**

**Мекеним бүт ааламга нурун чачкан,**

**Мекеним кудай сүйген элди баккан.**

**Мекеним гүлдөп өссүн жылдан жылга,**

**Мекенди жаратканым колдоп жаткан.**

**Мекеним жериң кеңдүү, суусу мүрөк,**

**Жигитиң шайыр болуп, кызың чүрөк.**

**Мөңгүлөп карлар жаткан Ала-Тоону,**

**Элибиз сыймыктанып ырдап жүрөт.**

**Коктудан жылжып аккан мөлтүр булак,**

**Көк шибер, гүлдөр жайнап өсүп турат.**

**Айылымда жемиш бышып шагын ийип,**

**Бакчамда куштар сайрап үнү угулат.**

**Кайырма:**

**Мекеним Кыргызстан гүлдөп, өссүн,**

**Мекенге жаратканым нурун төксүн.**

**Мекенди эр-жигиттер коргоп турсун,**

**Манастын урпактарын колдоп жүрсүн.**